# КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

## ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ

## ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОЛДОНУУ ЖАНА ЭКОЛОГИЯ БИЛИМ БАГЫТЫ ПРОФИЛ – ЭКОЛОГИЯЛЫК ИНЖЕНЕРИЯ

# Минералдык жер семирткичтеринин колдонулушу жана суу- топурак системасындагы натрий нитратынын концентрациялык таралышын экологиялык баалоо

**Даярдаган**
**Рахат Абдыкадырова**

**Жетекчиси**
**т.и.д., профессор Зарлык Маймеков**

**Магистрдик диссертация**

**Июнь 2018**

**БИШКЕК, КЫРГЫЗСТАН**

2018

Минералдык жер семирткичтеринин колдонулушу жана суу- топурак системасындагы натрий нитратынын концентрациялык таралышын экологиялык баалоо

Рахат Абдыкадырова

**КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ**
**ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**
**ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОЛДОНУУ**
**ЖАНА ЭКОЛОГИЯ БИЛИМ БАГЫТЫ**

# Минералдык жер семирткичтеринин колдонулушу жана суу-топурак системасындагы натрий нитратынын концентрациялык таралышын экологиялык баалоо

**Даярдаган**
**Рахат Абдыкадырова**

**Жетекчиси**
**т.и.д., профессор Зарлык Маймеков**

**Магистрдик диссертация**

**Июнь 2018**
**БИШКЕК, КЫРГЫЗСТАН**

## ПЛАГИАТ ЖАСАЛБАГАНДЫГЫ ТУУРАЛУУ БИЛДИРҮҮ

Мен бул эмгекте алынган бардык маалыматтарды академиялык жана этикалык эрежелерге ылайык колдондум. Тагыраак айтканда, бул эмгекте колдонулган, бирок мага тиешелүү болбогон маалыматтардын бардыгын тиркемеде так көрсөттүм жана башка булактардан плагиат жасалбагандыгына ынандырып кетким келет.

Рахат Абдыкадырова

Колу:

## BİLİMSEL ETİĞE UYGUNLUK

Bu çalışmadaki tüm bilgilerin, akademik ve etik kurallara uygun bir şekilde elde edildiğini beyan ederim. Aynı zamanda bu kural ve davranışların gerektirdiği gibi, bu çalışmanın özünde olmayan tüm materyal ve sonuçları tam olarak aktardığımı ve referans gösterdiğimi belirtirim.

Rahat Abdıkadırova

İmza:

## YÖNERGEYE UYGUNLUK

«Mineral gübrelerin kullanimi ve toprak- su sistemdeki sodyum nitratin konsantrasyon dağiliminin çevresel değerlendirmesi» adlı Yüksek Lisans Tezi, Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Lisansüstü Tez Önerisi ve Tez Yazım Yönergesi'ne uygun olarak hazırlanmıştır.

Rahat Abdıkadırova
İmza

Prof. Dr. Zarlık Maymekov
İmza

Çevre Mühendisliği ABD Başkanı
Prof. Dr. Zarlık Maymekov
İmza

## КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ЧЕЧИМ

т.и.д., профессор Зарлык Маймеков жетекчилигинде Рахат Абдыкадырова тарабынан даярдалган «Минералдык жер семирткичтеринин колдонулушу жана суу- топурак системасындагы натрий нитратынын концентрациялык таралышын экологиялык баалоо» темасындагы магистрдик диссертация комиссия тарабынан Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Табигый илимдер институтунун Жаратылышты колдонуу жана экология билим багытында магистрдик диссертация болуп кабыл алынды.

20.06.2018

**Комиссия:**

| | | |
|---|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | т.и.д., проф. Маймеков З. К. | ……………….. |
| **Төрагасы:** | г-м.и.д., проф. Сакиев К. С. | ……………….. |
| **Мүчө:** | т.и.д., проф. Кожобаев К. А. | ……………….. |
| **Мүчө:** | х.и.к., доц. Салиева К. Т. | ………………. |
| **Мүчө:** | б.и.к., доц. Тотубаева Н. Э. | ………………. |
| **Мүчө:** | PhD ага окутуучу Искакова Ж. Т. | ………………. |

……./……./2018

Доц. Др. Дагыстан Шимшек

Институт Мүдүрү

## KABUL VE ONAY

Prof. Dr. Zarlık Maymekov danışmanlığında Rahat Abdıkadırova tarafından hazırlanan “mineral gübrelerin kullanimi ve toprak- su sistemdeki sodyum nitratin konsantrasyon dağiliminin çevresel değerlendirmesi” adlı bu çalışma, jürimiz tarafından Kırgızistan- Türkiye Manas Üniversitesi Fen Bilimleri Enstitüsü Çevre Mühendisliği Ana Bilim Dalı Dalında Yüksek Lisans Tezi olarak kabul edilmiştir.

20.06. 2018

**JÜRİ:**

| | | |
|---|---|---|
| **Danışman** | Prof. Dr. Zarlık MAYMEKOV | ……………… |
| **Jüri başkanı** | Prof. Dr. Kadırbek SAKIEV | ……………… |
| **Üye** | Prof. Dr. Kanatbek KOCOBAEV | ……………… |
| **Üye** | Doç. Dr. Kalipa SALIEVA | ……………… |
| **Üye** | Doç. Dr. Nurzat TOTUBAEVA | ……………… |
| **Üye** | PhD. öğr. gör. Canıl İskakova | ……………… |

……./…..../2018
Doç. Dr. Dağıstan Şimşek
Enstitü Müdürü

## АЛГАЧ СӨЗ

Билим алууда салымы чоң, магистрдик диссертацияны даярдоодо мага жардамын жана ой пикирлерин аябаган илимий жетекчим техника илимдеринин доктору, профессор Зарлык Маймеков агайга жана магистрдик окуу процессинде окуткан Табигый илимдер институтунун жалпы мугалимдер жамаатына жана кызматкерлерине терең ыраазычылыгымды билдирем.

Рахат Абдыкадырова

Бишкек, Июнь, 2018

**МИНЕРАЛДЫК ЖЕР СЕМИРТКИЧТЕРИНИН КОЛДОНУЛУШУ ЖАНА СУУ- ТОПУРАК СИСТЕМАСЫНДАГЫ НАТРИЙ НИТРАТЫНЫН КОНЦЕНТРАЦИЯЛЫК ТАРАЛЫШЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО**

**РАХАТ АБДЫКАДЫРОВА**
**КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ, ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**
**МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ, ИЮНЬ 2018**
**ИЛИМИЙ ЖЕТЕКЧИ: т.и.д., профессор ЗАРЛЫК МАЙМЕКОВ**

## КЫСКАЧА МАЗМУНУ

Азыркы мезгилде айыл чарбада колдонулган минералдык жер семирткичтеринин чөйрөнүн компоненттерине тийгизген таасири жана аны изилдөө эң маанилүү экологиялык маселелердин бири болуп саналат. Себеби, топуракта кармалган минералдык жер семирткичтер мисалы, натрий нитрат суудa эрип, ал эми суудагы туздар буулануудан абага өтүп ,ар түрдүү көйгөйлөрдү пайда кылат. Ошондуктан магистрдик диссертацияда нитрат тузунун өндүрүштөгү колдонуштары жана экологиялык көйгөйлөрү, топурак- суу- натрий татаал гетерогендик системадагы нитрат туздарынын таралышы жана алардын негизиндеги чөйрөнүн булгануусу боюнча кеңири адабияттык анализ жасалды. Иштин эксперименталдык бөлүгүндө топурактагы натрий нитраттын концентрациясын химиялык жол менен аныктоо, Чуй облусунун топурагынын курамы жана анын экологиялык көйгөйлөрү орун алды. Натыйжада, топурак-суу-нитрат натрий гетерогендик системасы изилденди. Физика-химиялык моделде топурактын химиялык курамы, органикалык заттары, газдык өлчөмдөрү, нымдуулугу, температурасы эске алынды. Топурак-суу системасына нитрат натрийдин тийгизген таасири байкалды. Үчтүк системада компоненттердин жана бөлүкчөлөрдүн концентрациялык таралышы аныкталды. Азоттун системадагы мааниси жана түрлөрү ачыкталды. Нитрат натрийдин суу- топурак суспензиялык эритмесиндеги концентрациясынын суутектик көрсөткүчкө, кычкылдануу-калыбына келүү потенциалына, эриген заттын өлчөмүнө болгон таасири графиктерде көрсөтүлдү. Эсептик формулалар алынды

жана корутундулар чыгарылды.

Иштин натыйжалары боюнча бир макала жазылып, “Наука, Новые Технологии и инновации Кыргызстана” аттуу журналдын 2018ж, №1 басмадан чыкты.

**Ачкыч сөздөр:** топурак, суу, нитрат натрий, концентрация, система,компонент,бөлүкчө,экология.

**MİNERAL GÜBRELERİN KULLANIMI VE TOPRAK- SU SİSTEMDEKİ SODYUM NİTRATIN KONSANTRASYON DAĞILIMININ ÇEVRESEL DEĞERLENDİRMESİ**

**RAHAT ABDIKADIROVA**
**KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ, FEN BİLİMLERİ ENSTİTÜSÜ**
**YÜKSEK LİSANS, HAZİRAN 2018**
**DANIŞMAN: PROF. DR. ZARLIK MAYMEKOV**

## GENİŞ ÖZET

Günümüzde mineral gübrelerinin çevre bileşenlerine olan etkisi ve onları araştırmak en önemli çevre sorunlarından biri olarak görülmektedir. Çünkü topraktaki fazla olan mineral gübreleri suya geçiyor ve sudaki tuzlar buharlaşıp havaya geçerek her türlü sorunları çıkartıyor. Bu sebeple bitirme tezde nitrat tuzlarının sanayide kullanımı ve çevre sorunları, toprak- su sistemindeki nitrat tuzlarının dağılımı ve ona göre geterogen sisteminin kirlenmesi ile ilgili geniş bir edebiyat araştırma yapıldı.

Tezin deneme bölümünde toprak- su sistemindeki sodyum nitrat konsantrasyonun kimyasal yöntem ile belirleme. Chu bölgesindeki toprağın fiziko-kimyasal özellikleri belirlenip ve bölge toprağıyla ilgili çevresel sorunlar ortaya çıkarıldı.

Chu bölgesindeki toprağının orta fiziko- kimyasal değerleri

| **Göster-geler** | **Jayıl b.** | **Moskva b.** | **Tokmok ş.** | **Sokuluk b.** | **Panfilov b.** | **Bişkek ş.** | **Orta değer** | **MPC, mg/kg** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Azot nitrat** | 64,5 | 19,76±3,9 | 5,3±1,03 | *0,165*±0,03 | 12,45±4,9 | 0,48±0,09 | 17,1±1,7 | 29,3 |
| **Azot amonyak** | - | 9,25±2,34 | 5,3±1,03 | *0,165*±0,03 | 12,45±4,9 | 0,48±0,09 | 4,6±1,42 | |
| **Fosfor** | 76,3 | 45,1±9,04 | *2,22*±0,6 | *5,6*±1,13 | 12,6±4,2 | 9,33±2,4 | 25,2±2,9 | |
| **pH** | 7,30 | 8,21±0,2 | *7,9*±0,2 | *8,3*±0,2 | 7,68±0,2 | 8,42±0,2 | 7,9±0,2 | |
| **Karb.** | - | <30,0 | <30,0 | <30,0 | <30,0 | <30,0 | <30,0 | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Bıkarb.** | - | 1293,2 | *1301,3* | *976* | 854 | 1006,5 | 5431 | |
| **Clor** | 65,7 | 66,0±13,7 | *63,9*±13 | *49,7*±10,4 | 41,66±8,8 | 44,38±9,32 | 55,2±9,2 | |
| **Sülfat** | 476,4 | 242,9±34 | *302*±42 | *129,6*±13,1 | 541±75,8 | 160,8±22,5 | 308,8±31,2 | |
| **Potas.** | 135 | 176±29,7 | *167*±30 | *190*±34,2 | 240±43,2 | 125±22,5 | 172,2±26,6 | |
| **Magn.** | <12,2 | <12,2 | <12,2 | <12,2 | <12,2 | <12,2 | <12,2 | |
| **Çinko** | 8,96 | <5 | <5 | *8,39* | 10,7 | - | <5 | *23,0* |
| **Bakır** | 3,0 | <3 | <3 | <3 | 4,835 | <3,0 | <3,0 | *3,0* |
| **Kurşun** | 6,0 | 8,896 | <0,1 | *10,2* | 5,55 | 13,1 | 43,746 | *6,0* |
| **Kadm.** | 2,0 | <0,1 | <0,1 | <0,1 | <0,1 | <0,1 | <0,1 | 2,0 |
| **Petrol ürünleri** | - | 120 | *513* | *160* | 50 | 455 | 1298 | |

Sonuçta, toprak-su- nitrat sodyumdan oluşan geterojen system araştırıldı. Fiziko-kimyasal modellemede toprağın kimyasal bileşimi, organic maddeler, gaz bileşimi, nem, sıcaklık göz önüne alındı. Nitrat sodyumun toprak- su sistemine olan etkisi fark edildi. Üçlü heterojen sistemindeki bileşenlerin ve parçaların konsantrasyon dağılımı ortaya çıkarıldı. Azotun sistemdeki anlamı ve etkisi araştırıldı. Nitrat sodyumunun su-toprak çözeltisindeki konsantrasyonunun pH, Eh ve TDS değerleri üzerine olan etkisi grafiklerde gösterildi.

Mesela: pH değerinin nitrat sodyum konsantrasyonunan olan bağımlılığı




| C(NaNO3) | pH |
|---|---|
| 7,5823 | 0,0001 |
| 7,5884 | 0,001 |
| 7,6554 | 0,01 |
| 8,8843 | 0,1 |
| 8,8841 | 0,5 |

Praktikte kullanması mümkün olan formullar hesaplanıp çıkarıldı.

Yapılan çalışmalar sonucunda bir tane makale yazıldı ve "Наука, Новые

Технологии и инновации Кыргызстана”  adlı dergisinde 2018 у, №1 yayınklandı.

**Anahtar kelimeler:** toprak, su, sodium nıtrat, konsantrasyon, çevre,sistem, component,parça.

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ МИНЕРАЛЬНЫХ УДОБРЕНИЙ И ЭКОЛОГИЧЕСКАЯ ОЦЕНКА КОНЦЕНТРАЦИОННОГО РАСПРЕДЕЛЕНИЯ НАТРИЯ НИТРАТА В СИСТЕМЕ ВОДА - ПОЧВА

**РАХАТ АБДЫКАДЫРОВА**

**Кыргызско-Турецкий университет "Манас",**

**Институт естественных наук**

**МАГИСТЕРСКАЯ ДИССЕРТАЦИЯ, ИЮНЬ 2018**

**НАУЧНЫЙ РУКОВОДИТЕЛЬ: д.т.н., проф. ЗАРЛЫК МАЙМЕКОВ**

## АННОТАЦИЯ

В настоящее время изучение минеральных удобрений и их влияние на компоненты окружающей природной среды является одним из важнейших вопросов современных экологических исследований. Поскольку избыточные количество минеральных удобрений в почве смывается в воду, а соли этих удобрений в свою очередь за счет испарения выносятся в атмосферу и переносятся воздушными течениями, создавая при этом многие проблемы в хозяйственной деятельности человека. С учетом этих обстоятельств, в настоящей магистерской диссертации проведен обширный литературный анализ по использованию нитрата натрия в различных отраслях промышленности и указаны их экологические аспекты, а также распределение нитрата натрия в сложной гетерогенной системе вода- почва и загрязнение почвы на его основе. В экспериментальной части работы рассматривались методики определения концентрации нитрата натрия в почве, состав почвы Чуйской области и его экологические проблемы.

В заключении рассмотрены сложная гетерогенная система: почва-вода-нитрат натрия. В физико-химической модели учтены химический состав, органическое вещество, газовое содержание, влажность и температура почвы. Выявлено влияние нитрата натрия на

равновесное состояние компонентов почвы. Определено концентрационное распределение компонентов и частиц в трех компонентной гетерогенной сложной системе. Отмечены роль и виды азота в системе почва-вода-нитрат натрия. Установлена зависимость окислительно-восстановительного потенциала, водородного показателя, содержание растворенных веществ в суспензионном растворе от концентрации нитрата натрия и приведены графические их данные. Получены расчетные уравнения. Результаты исследований полезны в практических условиях.

В заключении изложены выводы, приведены литературные источники и приложения. По теме диссертационных исследований опубликована одна научная статья в журнале «Наука, Новые Технологии и инновации Кыргызстана», Бишкек, 2018-№1- с..

**Ключевые слова:** почва, вода, нитрат натрий, концентрация, система, компонент, частица, экология.

**USE OF MINERAL FERTILIZERS AND ENVIRONMENTAL ASSESSMENT OF THE CONCENTRATION DISTRIBUTION OF SODIUM NITRATE IN WATER- SOIL SYSTEM**

**RAHAT ABDYKADYROVA**

**Kyrgyz Turkish «Manas» University, Graduate School of Natural and Applied Science**

**MASTER THESIS, JUNE 2018**

**SUPERVISOR: PROF. DR. ZARLYK MAİMEKOV**

## ABSTRACT

Currently, the study of mineral fertilizers and their impact on the components of the environment is one of the most important issues of modern environmental studies. Because the excess amount of mineral fertilizers in the soil is washed into the water, and the salts of these fertilizers, in turn, due to evaporation, are carried into the atmosphere and transported by air currents, creating many problems in human economic activity. In view of these circumstances, this master's thesis conducted an extensive literary analysis of the use of sodium nitrate in various industries and their environmental aspects, as well as the distribution of sodium nitrate in a complex heterogeneous system of water - soil and soil pollution on its basis. In the experimental part of the work, methods for determining the concentration of sodium nitrate in the soil, the composition of the soil of the Chui region and its environmental problems were considered.

In conclusion, the complex heterogeneous system: soil-water-sodium nitrate. The physico-chemical model takes into account the chemical composition, organic matter, gas content, humidity and soil temperature. The influence of sodium nitrate on the equilibrium state of soil components was revealed. The concentration distribution of components and particles in the three-component heterogeneous complex system is determined. The role and types of nitrogen in the soil-water-sodium nitrate system are noted. The dependence of the oxidation-

reduction potential, hydrogen index, the content of dissolved substances in the suspension solution on the concentration of sodium nitrate is established and their graphical data are presented. The calculated equations are obtained. The research results are useful in practical conditions.

**Keywords:** soil, water, sodium nitrate, concentration, ecology, system, component, particle.

**МАЗМУНУ**

**МИНЕРАЛДЫК ЖЕР СЕМИРТКИЧТЕРИНИН КОЛДОНУЛУШУ ЖАНА СУУ- ТОПУРАК СИСТЕМАСЫНДАГЫ НАТРИЙ НИТРАТЫНЫН КОНЦЕНТРАЦИЯЛЫК ТАРАЛЫШЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО**


БАШКЫ БЕТ........................................................................................ i

ПЛАГИАТ ЖАСАЛБАГАНДЫГЫ ТУУРАЛУУ БИЛДИРҮҮ........... ii

BİLİMSEL ETİĞE UYGUNLUK ............................................................ ii

YÖNERGEYE UYGUNLUK.................................................................... iii

КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ЧЕЧИМ............................................................. iv

KABUL VE ONAY.................................................................................... v

АЛГАЧ СӨЗ............................................................................................ vi

КЫСКАЧА МАЗМУНУ........................................................................... vii

GENİŞ ÖZET .......................................................................................... viii

АННОТАЦИЯ.......................................................................................... ix

ABSTRACT.............................................................................................. xix

МАЗМУНУ.............................................................................................. xx

СИМВОЛДОР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР............................................ xxii

ЖАДЫБАЛДАР ТИЗМЕСИ.................................................................. xxiii

ДИАГРАММАЛАР ТИЗМЕГИ…………………………………………… xxiii

ГРАФИКТЕР ТИЗМЕГИ………………………………………………... xxiii

СҮРӨТТӨРДҮН ТИЗМЕСИ.................................................................. xxiv

КИРИШҮҮ............................................................................................... 1

1. Адабияттык анализ 2

1.1. Минералдык жер семирткичтер жана алардын жергиликтүү кунсуз топурактын асылдуулугун жогорулатуудагы колдонулуштары…………………………. 2

1.2. Нитрат натрий тузунун суу- топурак системасындагы экологиялык көйгөйлөрү……………………………………… 10

2. Эксперименталдык бөлүк …………………………………………. 13

2.1. Моделдик суу- топурак системасындагы нитрат натрий өлчөмүн химиялык жол менен аныктоо…................. 13

2.2. Чүй жергесиндеги топурактын химиялык курамы жана анын экологиялык көйгөйлөрү…………………………. 22

3. Натыйжалар ………………………………………………………… 32

3.1. Суу-топурак системасынын физикалык химиялык жана термодинамикалык көрсөткүчтөрүн эсептөө………….. 32
3.2. Суу- топурак системасындагы нитрат натрийдин концентрациялык таралышы жана аны экологиялык талдоо. 46
3.3. Суу- топурак системасындагы нитрат натрийдин өлчөмүн азайтуу жолдору. Экологиялык коромжуну эсептөө....................................................................................... 54
4. Корутунду ……………………………………………………… 58
5. Колдонулган адабияттар ……………………………………….. 60
7. Өмүр баян ………………………………………………………….. 64

# СИМВОЛДОР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР

| Кыскартуулар | Мааниси |
|---|---|
| г/л | грамм/литр |
| К | Кельвин |
| МПа | МегаПаскаль |
| моль/кг | моль/килограмм |
| Т,К | Температура, Кельвин |
| t,°C | градус Цельсий |
| τ | Убакыт |
| С | Концентрация |
| мл | Миллилитр |

ЖАДЫБАЛДАР ТИЗМЕГИ:

| | |
|---|---|
| Жадыбал 1.1.1.Ачкы- күрөң түрүндөгү топурактардын кээ бир физикалык- химиялык касиеттери …………………………….. | 2 |
| Жадыбал 1.1.2. Кара-күрөң түрүндөгү топурактардын кээбир физикалык- химиялык касиеттери …………………………….. | 3 |
| Жадыбал 1.1.3. Кара топурактардын кээ бир физикалык- химиялык касиеттери ……………………………………….. | 3 |
| Жадыбал 1.1.4. Химиялык заттардын топурактагы ЧДКсы | 4 |
| Жадыбал 1.1.5. Минералдык жер семирткичтердин тизмеси | 7 |
| Жадыбал 1.1.6.Минералдык жер семирткичтердин ассортименти жана алардын түрлөрүнүн колдонуудагы оптималуу варианттар | 9 |
| Жадыбал 2.1.1. CNO3 топуракта кармалган нитраттарды массалык үлүшүн аныктоого багытталган кайра эсептөө таблицасы , млн-1 (мг 1 кг топуракка). | 16 |
| Жадыбал 2.2.1-2.2.7. Чуй облусундагы топурактын ар кандай параметрилеринин көрсөткүчтөрү …………………… | 23 |
| Жадыбал 2.2.8. Чуй облусунун топурагындагы металлдардын иондорунун кармалышы ………………… | 30 |
| Жадыбал 3.1.1 Топурак –суу системасынын физика-химиялык жана термодинамикалык параметрлери………… | 34 |
| Жадыбал 3.2.1. Суу- топурак системасы 288К (15oC) температурада жана суспензиялык эритмеде натрий нитраты жок шартындагы көрсөткүчтөр………………………… | 47 |
| Жадыбал 3.3.1. Катионит КУ-2 нин ар кыл моделдеринин баасы | 54 |

Диаграммалар тизмеги:

Диаграмма 2.2.1. Жайыл району, топурактагы pH- көрсөткүчү 23
Диаграмма 2.2.2. Москва району, топурактагы азот нитраттын кармалышы......................................................... 25

График тер тизмеги

График 2.1.1 Нитрат –иондорунун концентрациясынын эритменин оптикалык тыгыздыгынан көз карандылыгы…. 19
График 3.2.1. pH-көрсөткүчүнүн концентрациядан көз карандылыгы………………………………………………. 50
График 3.2.2. Eh- кычкылдануу- калыбына келүү потенциалынын концентрациядан көз карандылыгы…… 50
График 3.2.3. TDS эриген заттардын концентрациядан көз карандылыгы…………………………………………...... 50
График 3.2.4. Иондук күчтүн концентрациядан көз карандылыгы……………………………………………… 51
График 3.2.5. Гиббс энергиясынын концентрациядан көз карандылыгы…………………………………………… 51
График 3.2.6. Этальпиянын концентрациядан көз карандылыгы……………………………………………… 51
График 3.2.7. Энтропиянын концентрациядан көз карандылыгы……………………………………………… 52
График 3.2.8. Ички энергиянын концентрациядан көз карандылыгы……………………………………………… 52
График 3.2.9. Басым туруктуу кезиндеги концентрациядан көз карандылыгы……………………… 52

Сүрөттөр тизмеги:


| | |
|---|---|
| Сүрөт 2.1.1 Натрий гидрооксидинин сегнет тузунда болгон эритмеси жана салицил кычкылынын эритмеси…. | 18 |
| Сүрөт 2.1.2 Массалык үлүшү 0,1 мг/мл болгон негизги нитрат-иондорунун градуировкалык эритмеси жана массалык үлүшү 0,01 мг/мл болгон нитрат-иондорунун жумушчу градуировкалык эритмеси………………………. | 18 |
| Сүрөт 2.1.3 Үлгүлөрдү спектрофотометрде окуутуга даярдоо………………………………………………………. | 19 |
| Сүрөт 2.1.4 Спектрофотометр……………………………. | 19 |
| Сүрөт 2.1.5 Фотометр…………………………………….. | 20 |
| Сүрөт 2.1.6 Нитрат иондорун аныктоочу эритме (кит) | 20 |
| Сүрөт 2.1.7 Hi 93733-0 Nitrate Reagent порошогу | 20 |
| Сүрөт 2.1.8 Hi 93733-0 Nitrate Reagent порошогу кошулганга чейинки жана кошулгандан кийинки нитрат ионун аныктоочу эритмелер (кит) | 20 |
| Сүрөт 3.3.1. Фиторемедиация методунун ишке ашуу схемасы……………………………………………….. | 55 |
| Сүрөт 3.3.2 Нитрат-иондорунун концентрациясын азайтууга багытталган ион алмашуу аппартынын технологиялык схемасы………………………………… | 55 |
| Сүрөт 3.3.3 Ион алмашуу аппаратынын сырткы көрүнүшү………………………………………………… | 55 |

# Киришүү

Жер планетасында адамдын санынын интенсивдүү өсүүсүнө жана адамзаттын өнүгүүсүнө байланыштуу экологиялык көйгөйлөр кескин түрдө өсүүдө. Мындай экологиялык көйгөйлөрдүн бири айыл чарбада ашыкча колдонулган минералдык жер семирткичтердин сууларга өтүп, суулардагы туздардын чөйрөнүн компоненттерине тийгизген таасири болуп саналат[22]. Бул магистрдик диссертацияда суу- топурак- нитрат натрий татаал гетерогендик системадагы нитрат натрий  тузунун температуранын ар кыл маанилеринде системанын компоненттерине тийгизген таасири каралды. Иштин эксперименталдык бөлүгүндө топурактагы  натрий нитраттын концентрациясын химиялык жол менен аныктоо, Чуй облусунун топурагынын курамы жана анын экологиялык көйгөйлөрү орун алды. Натыйжада, топурак-суу- нитрат натрий гетерогендик  системасы изилденди. Физика-химиялык моделдөөдө топурактын химиялык курамы, органикалык заттары, газдык өлчөмдөрү, нымдуулугу, температурасы эске алынды. Топурак-суу системасына нитрат натрийдин тийгизген таасири байкалды. Үчтүк системада компоненттердин жана бөлүкчөлөрдүн концентрациялык таралышы аныкталды. Нитрат натрийдин суу-топурак суспензиялык эритмесиндеги концентрациясынын суутектик көрсөткүчкө, кычкылдануу-калыбына келүү потенциалына, эриген заттын өлчөмүнө болгон таасири  графиктерде көрсөтүлдү. Эсептик формулалар алынды жана корутундулар чыгарылды.

Изилдөөлөрдүн максаты:

Айыл- чарбада колдонулган минералдык жер семирткичтердин суу- топурак системасында концентрациялык таралышына байкоо жүргүзүү жана топурактагы суунун, кычкылтектин, аммиактын, күкүрттүү суутектин жана натрий нитратынын таралышын температуранын ар кыл маанилеринде эсептөө. Топурактагы натрий нитратынын таралышын экологиялык баалоо (коромжуну эсептөө). Суу- топурак системасындагы натрий нитратынын өлчөмүн оптималдаштыруу схемасын иштеп чыгуу.

# 1. Адабияттык анализ

## 1.1. Минералдык жер семирткичтер жана алардын жергиликтүү кунсуз топурактын асылдуулугун жогорулатуудагы колдонулуштары.

Топурак - асылдуулукка ээ болгон, физикалык, химиялык жана биологиялык факторлордун таасири астында пайда болгон жер кыртышынын үстүңкү катмары. Топурактын калыңдыгы бир нече сантиметрден 2,5 м ге чейин термелет. 1м тереңдикте топурактын минералдык бөлүгү жаңыланыш үчүн 10 000 жыл керек [13].

Топурактын асылдуулугу деп топурактын өсүмдүктү сиңимдүү азык зат, суу, аба, жылуулук, өсүмдүктөрдүн тамырларынын борпоң топуракка муктаждыгын жана анын өсүүсүнө керектүү бардык азык элементтери менен камсыздаган топурактын жөндөмдүүлүгүн айтабыз [13]

Кыргызстандын аймагындагы кээбир түрдөгү топурактардын физикалык-химиялык көрсөткүчтөрү таблица 1.1.1. келтирилген [13]:

*Жадыбал 1.1.1.*

Ачык – күрөң түрүндөгү топурактардын кээ бир физикалык- химиялык касиеттери [17,18]

| **Кесилиштин №., жери** | **Горизонт, см** | **Механикалык курамы** | | **Жутуу сыйымд.** | **$CO_2$, %** | **Гумус, %** | **Nжалпы, %** | **C/N** | **Жалпы кармалышы** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **0,001ммдан чоң** | **0,01ммдан чоң** | | | | | | **$P_2O_5$** | **$K_2O$** |
| **Чуй өрөөнү** | 0-20 | | 37,6 | Анык эмес | жок | 2,93 | 0,23 | 7,4 | 0,20 | 2,2 |
| | 20-30 | | 36,8 | | » | 3,14 | 0,22 | 8,3 | 0,19 | 2,5 |
| | 35-45 | | 36,9 | | » | 1,10 | 0,15 | 4,2 | 0,19 | 2,3 |
| **Талас өрөөнү** | 0-25 | 6,6 | 36,3 | 8,6 | 1,0 | 1,91 | 0,16 | 7,0 | 0,25 | 3,0 |
| | 33-45 | 10,5 | 38,8 | 10,2 | 1,0 | 1,00 | 0,11 | 5,3 | 0,23 | 3,1 |
| | 45-65 | 10,4 | 38,3 | 8,3 | 0,8 | 0,73 | 0,08 | 5,3 | 0,19 | 3,5 |
| | 65-85 | 11,2 | 39,7 | 9,8 | 2,2 | 0,72 | 0,05 | 8,3 | 0,14 | 3,3 |
| **Ысык-көл өрөөнү** | 0-18 | Орточо суглин. | | Анык эмес | 2,5 | 2,26 | 0,21 | 6,2 | 0,27 | 2,9 |
| | 32-42 | | | | 5,0 | 1,04 | 0,13 | 4,6 | 0,23 | 2,8 |
| | 55-65 | | | | 5,7 | 0,69 | 0,06 | 6,7 | 0,21 | 2,7 |
| | 75-85 | | | | 5,4 | 0,37 | 0,04 | 5,4 | 0,17 | 2,8 |
| **Суусамыр өрөөнү** | 0-20 | 11,8 | 49,9 | 18,0 | 0,2 | 3,59 | 0,20 | 10,4 | 0,18 | 3,1 |
| | 23-40 | 14,7 | 5,0, | 17,3 | 0,2 | 2,38 | 0,15 | 9,2 | 0,16 | 2,9 |
| **Кара- Коюн өрөөнү** | 0-24 | Орточо суглин. | | - | 7,9 | 3,05 | 0,19 | 9,3 | 0,18 | 2,2 |
| | 52-62 | | | | 7,7 | 0,83 | 0,07 | 6,9 | 0,18 | 2,4 |
| | 76-86 | | | | 7,8 | 0,73 | 0,06 | 7,1 | 0,16 | 1,9 |

*Жадыбал 1.1.2.*

Кара-күрөң түрүндөгү топурактардын кээ бир физикалык- химиялык касиеттери [19]

| Кесилиштин №., жери | Горизонт, см | Механикалык курамы | | Жутуу сыйымд. | $CO_2$, % | Гумус, % | Nжалпы, % | Жалпы кармалышы | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **0,001ммдан чоң** | **0,01ммдан чоң** | | | | | **C/N** | **$P_2O_5$** | **$K_2O$** |
| **Чуй өрөөнү** | 0-20 | 15,4 | 37,2 | Анык эмес | 1,5 | 2,0 | 0,23 | 8,9 | 0,18 | 2,2 |
| | 20-30 | 17,0 | 38,6 | | 1,7 | 1,7 | 0,22 | 10,9 | 0,18 | 2,5 |
| | 35-45 | 17,6 | 40,6 | | 3,4 | 1,1 | 0,15 | 8,0 | 0,17 | 2,3 |
| **Талас өрөөнү** | 0-21 | 7,6 | 33,0 | 13,5 | 0,24 | 2,43 | 0,19 | 7,4 | 0,16 | 2,8 |
| | 25-35 | 8,0 | 33,8 | 13,1 | 0,03 | 2,09 | 0,11 | 11,0 | 0,16 | 2,9 |
| | 40-50 | 12,2 | 34,2 | 13,9 | 0,05 | 1,61 | 0,10 | 9,3 | 0,16 | 2,9 |
| | 70-90 | 14,0 | 38,6 | - | 5,42 | 1,05 | 0,08 | 7,6 | 0,14 | 2,7 |
| | 90-100 | 16,9 | 44,4 | - | - | - | 0,06 | 7,9 | 0,12 | 2,2 |
| **Ысык-көл өрөөнү** | 0-21 | Орточо суглин. | | 0,8 | 0,8 | 2,97 | 0,22 | 7,8 | 0,21 | 3,0 |
| | 30-40 | | | | 0,3 | 1,84 | 0,16 | 6,7 | 0,19 | 3,1 |
| | 62-72 | | | | 0,3 | 1,21 | 0,09 | 7,8 | 0,16 | 3,1 |
| | 87-97 | | | | 0,5 | 0,78 | - | - | 0,17 | 3,1 |
| **Суусамыр өрөөнү** | 0-19 | 10,8 | 41,9 | 21,8 | 0,1 | 5,46 | 0,28 | 11,3 | 0,18 | 3,1 |
| | 23-36 | 13,3 | 41,0 | 20,7 | 3,1 | 3,74 | 0,25 | 8,7 | 0,15 | 2,8 |
| | 42-55 | 11,3 | 35,3 | - | 16,4 | 1,88 | 0,11 | 9,9 | 0,12 | 2,3 |
| **Кара- коюн өрөөнү** | 0-15 | 17,6 | 52,8 | 31,0 | 0,9 | 6,10 | 0,56 | 6,2 | 0,28 | 2,9 |
| | 15-25 | 18,1 | 45,8 | 26,3 | 3,1 | 4,80 | 0,37 | 7,3 | 0,21 | 2,6 |
| | 30-40 | 14,6 | 39,8 | 20,3 | 9,0 | 3,46 | 0,29 | 7,0 | 0,28 | 2,6 |
| | 5-65 | 12,7 | 30,8 | 13,0 | 13,2 | 1,94 | 0,13 | 7,7 | - | 2,2 |

*Жадыбал 1.1.3.*

Кара топурактардын кээ бир физикалык- химиялык касиеттери [20]

| Кесилиштин №., жери | Горизонт, см | Бөлүкчөлөр, % | | $CO_2$, % | pH | Гумус, % | Nжалпы, % | C/N | Жалпы кармалышы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **0,001ммдан чоң** | **0,01ммдан чоң** | | | | | | **$P_2O_5$** | **$K_2O$** |
| **Ысык –көл өрөөнү** | 0-26 | 10,5 | 36,1 | 0,60 | 8,0 | 8,58 | 0,64 | 7,8 | 0,25 | 3,01 |
| | 35-45 | 13,4 | 43,9 | 4,31 | 8,5 | 4,37 | 0,34 | 7,5 | 0,19 | 3,01 |
| | 55-65 | 14,9 | 41,5 | 4,95 | 8,4 | 3,22 | 0,26 | 7,2 | 0,20 | 2,87 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 95-105 | 17,7 | 50,4 | 9,96 | 8,5 | 1,11 | 0,08 | 8,1 | 0,17 | 2,45 |
| | 135-145 | 18,7 | 49,5 | 9,78 | 8,6 | 0,48 | 0,06 | 4,6 | 0,17 | 2,56 |
| -//- | 0-22 | Орточо суглин. | | 8,9 | 8,5 | 7,30 | 0,52 | 8,1 | 0,22 | 2,1 |
| | 23-38 | | | 17,7 | 8,7 | 3,11 | 0,24 | 7,5 | 0,19 | 1,9 |
| | 65-75 | | | 21,8 | 9,1 | 2,00 | 0,13 | 8,9 | 0,16 | - |
| | 118-128 | | | 19,8 | 9,1 | 0,43 | 0,05 | 5,6 | 0,13 | - |
| **Ысык –көл өрөөнү** | 0-25 | 9,0 | 4,0 | Жок | 7,2 | 6,16 | 0,44 | 8,1 | 0,21 | 3,16 |
| | 25-35 | 14,9 | 47,2 | » | 7,5 | 3,35 | 0,25 | 7,8 | 0,21 | 3,22 |
| | 45-55 | 16,3 | 47,1 | 0,13 | 7,8 | 2,46 | 0,19 | 7,5 | 0,24 | 3,10 |
| -//- | 0-25 | 8,7 | 36,1 | Жок | 8,1 | 5,89 | 0,44 | 7,8 | 0,21 | 3,33 |
| | 30-40 | 11,5 | 40,1 | 1,15 | 8,4 | 3,37 | 0,26 | 7,5 | 0,20 | 3,30 |
| | 50-60 | 13,9 | 41,4 | 3,35 | 8,4 | 2,45 | 0,20 | 7,1 | 0,19 | 3,10 |
| | 80-90 | 13,5 | 39,6 | 6,05 | 8,4 | 1,15 | 0,10 | 6,7 | 0,23 | 2,95 |
| | 110-120 | 11,2 | 32,7 | 4,24 | 9,1 | 0,58 | 0,04 | 8,4 | 0,21 | 3,30 |

*Жадыбал 1.1.4.*

Химиялык заттардын топурактагы ЧДКсы [21]

| № | Заттардын аталышы | N CAS | Формула | ЧДК (мг/кг) фонду эске алуу менен (кларка) | Зыяндуулуктун чектелген көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| | | Жалпы кармалышы | | | |
| **1.** | Бенз/а/пирен | 50-32-8 | $C_{20}H_{12}$ | 0,02 | Жалпы санитардык |
| **2.** | Бензин | 8032-32-4 | | 0,1 | Аба- кыймылы |
| **3.** | Бензол | 71-43-2 | $C_6H_6$ | 0,3 | Аба- кыймылы |
| **4.** | Ванадий | 7440-62-2 | V | 150,0 | Жалпы санитардык |
| **5.** | Ванадий+марганец | 7440-62-2+7439-96-5 | V+Mn | 100+1000 | Жалпы санитардык |
| **6.** | Диметилбензолдор(1,2-диметилбензол; 1,3-диметилбензол; 1,4-диметилбензол) | 1330-20-7 | $C_8H_{10}$ | 0,3 | Транс жылышуу |
| ***7.*** | *Комплекстүү гранулдалган жер семирткичтер (КГЖС)* [1] | | | *120,0* | Суу- кыймылы |
| ***8.*** | *Комплекстүү суюк жер семирткичтер (КСЖС)* [1] | | | *80,0* | Суу- кыймылы |
| **9.** | Марганец | 7439-96-5 | Mп | 1500 | Жалпы санитардык |
| **10.** | Метаналь | 50-00-0 | $CH_2O$ | 7,0 | Аба- кыймылы |
| **11.** | Метилбензол | 108-88-3 | $C_7H_8$ | 0,3 | Аба- кыймылы |
| **12.** | (1-метилэтенил)бензол | 25013-15-4 | $C_9H_{10}$ | 0,5 | Аба- кыймылы |
| **13.** | (1-метилэтил)бензол | 98-82-8 | $C_9H_{12}$ | 0,5 | Аба- кыймылы |
| **14.** | (1-метилэтил)бензол + (1- | 98-82-8 | $C_9$H12 + | 0,5 | Аба- кыймылы |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | метилэтенил)бензол | + 25013-15-4 | $C_9H_{10}$ | | |
| **15.** | Мышьяк [2] | 7440-32-2 | As | 2,0 | Транс жылышуу |
| ***16.*** | *Нитраттар ( $NO_3$ боюнча )* | *14797-55-8* | *$NO_3$* | *130,0* | *Суу- кыймылы* |
| **17.** | Көмүр флотациясынын калдыктары (КФК) [3] | | | 3000,0 | Суу- кыймылы |
| | | | | | Жалпы санитардык |
| **18.** | Сымап | 7439-97-6 | Hg | 2,1 | Транс жылышуу |
| **19.** | Коргошун [2] | 7439-92-1 | Pb | 32,0 | Жалпы |
| **20.** | Коргошун + сымап | 7439-92-1 + 7439-97-6 | Pb+Hg | 20,0+1,0 | Транс жылышуу |
| **21.** | Күкүрт | 7704-34-9 | S | 160,0 | Жалпы санитардык |
| **22.** | Күкүрт кислотасы ( S боюнча ) | 7664-93-9 | $H_2SO_4$ | 160,0 | Жалпы санитардык |
| **23.** | Күкүрттүү суутек ( S боюнча) | 7783-06-4 | $H_2S$ | 0,4 | Аба- кыймылы |
| **24.** | Суперфосфат ( $P_2O_5$ боюнча ) | | | 200,0 | Транс жылышуу |
| **25.** | Сурьма | 7440-36-0 | Sb | 4,5 | Суу-кыймылы |
| **26.** | Фуран-2-карбальдегид | 39276-09-0 | $C_5H_4O_2$ | 3,0 | Жалпы санитардык |
| **27.** | Калий хлориди ( $K_2O$ боюнча) | 7447-40-7 | KCl | 360,0 | Суу- кыймылы |
| **28.** | Хром алты валенттүү | 18540-29-9 | Cr(+6) | 0,05 | Жалпы санитардык |
| **29.** | Этаналь | 75-07-0 | $C_2H_4O$ | 10 | Аба- кыймылы |
| **30.** | Этенилбензол | 100-42-5 | $C_8H_8$ | 0,1 | Аба- кыймылы |
| | | Жылып жүргөн формалар | | | |
| **31** | Кобальт [4] | 7440-48-4 | Co | 5,0 | Жалпы санитардык |
| **32.** | Марганец,0,1 н $H_2SO_4$ дан алынган | | | | |
| | Кара топурак | | | 700,0 | |
| | Өзөктүү күлдүк: | | | | |
| | pH 4,0 | | | 300,0 | |
| | pH 5,1 - 6,0 | | | 400,0 | |
| | pH ³ 6,0 | | | 500,0 | |
| | Ацетатно-аммоний pH 4,8 буферден алынган | 7439-96-5 | Mn | | Жалпы санитардык |
| | Кара топурак | | | 140,0 | |
| | Өзөктүү күлдүк: | | | | |
| | pH 4,0 | | | 60,0 | |
| | pH 5,1 - 6,0 | | | 80,0 | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | pH ³ 6,0 | | | 100,0 | |
| **33.** | Жез[5] | 7440-50-8 | Cu | 3,0 | Жалпы санитардык |
| **34.** | Никель[5] | 7440-02-0 | Ni | 4,0 | Жалпы санитардык |
| **35.** | Коргошун[5] | 7439-92-1 | Pb | 6,0 | Жалпы санитардык |
| **36.** | Фтор[6] | 16984-48-8 | F | 2,8 | Транс жылышуу |
| **37.** | Хром үч валенттүү[5] | 16065-83-1 | Cr(+3) | 6,0 | Жалпы санитардык |
| **38.** | Цинк[5] | 7440-66-6 | Zn | 23,0 | Транс жылышуу |
| | | Сууда эриген формалар | | | |
| **39.** | Фтор | 16984-48-8 | F | 10,0 | Транс жылышуу |

**Минералдык жер семирткичтер** – курамында айыл чарба өсүмдүктөрү үчүн азык болуучу элементтери бар минералдык туздар. Топуракта өсүмдүк өсүшү үчүн керек элементтер болушу өтө зарыл. Алар топуракка органикалык кык, чым жана башка жана минералдык жер семирткичтер түрүндө берилет. Минералдык жер семирткичтер жөнөкөй жана комплекстүү болуп бөлүнөт. Жөнөкөй минералдык жер семирткичтер курамында азык болуучу бир гана элементти алып жүрөт. Мисалы, натрий селитрасы курамында азот, ал эми калий хлоридинде калий болот. Татаал минералдык жер семирткичтер – курамында 2 же андан көп азык болуучу элементи бар жер семирткичтер. Мисалы, калий селитрасында калий жана азот, нитрофоскада азот, фосфор жана калий элементтери бар. Аралаш жер семирткичтер – ар түрдүү минералдык жер семирткичтер жөнөкөй, татаал жана башка аралашмасы. Практикада азот, фосфор жана калий жер семирткичтери чоң мааниге ээ. Азоттук жер семирткичтер селитралар, аммоний туздары, суюк аммиак, аммиак суусу. Фосфордук жер семирткичтерге фосфор кислотасынын кальций жана аммоний туздары мисалы, фосфоритти майдалоодон алынган фосфорит ундары кирет. Алардын курамында сууда начар эрүүчү $Ca_3(PO_4)_2$ болгондуктан, алар кычкыл топурактуу кыртышта өскөн өсүмдүктөргө сиңимдүү келет. Жөнөкөй суперфосфат $Ca(H_2PO_4)_2CaSO_4*_2H_2O$ менен аралашмасы – фосфориттер жана апатиттерди күкүрт кислотасы менен аралаштыруудан алынат:

$Ca_3(PO_4)_2$ + $2H_2SO_4$ = $Ca(H\ _2PO_4)_2$ + $2CaSO_4$ Кош суперфосфат - $Ca(H_2PO_4)_2$ бул туз фосфор кислотасын алуу жана анын суудагы эритмеси менен фосфоритти же апатитти аралаштырууда алынат:

$Ca_3(PO_4)_2$ + $4H_3PO_4$ = $3Ca(H_2PO_4)_2$. Преципитат - $CaHPO4 \cdot 2H_2O$ сууда аз , органикалык эриткичтерде жакшы эрүүчү зат. Фосфор кислотасын калий гидроксиди менен нейтралдаштыруудан алынат. Сөөк уну – үй жаныбарлар сөөктөрүн кайра иштетүүдөн алынуучу, курамында $Ca_3(PO4)_2$ тузу бар зат. *Аммофос* фосфордук жер семирткич, к. Калий жер семирткичтери [7, 8, 31, 21].

*Жадыбал 1.1.5.*

Минералдык жер семирткичтердин тизмеси [34].

| ЕАЭС ТЭИ ТН | Аталыштары |
|---|---|
| **3101 00 000 0** | Жаныбарлардан же өсүмдүктөрдөн алынган жер семирткичтер, аралаш же аралашпаган, химиялык жол менен иштетилген же иштетилбеген; өсүмдүк же жаныбарлардан алынган азыктарды химиялык жол менен иштетүү же аралаштыруу жолу менен алынган жер семирткичтер |
| **3102 10 100 0** | Мочевина азот камтыган жер семирткичтер |
| **3102 10 900 0** | Мочевина, суу эритмесинде |
| **310221 0000** | Сульфат аммоний |
| **3102 29 000 0** | Кош туздар жана аммоний сульфат аралашмасы жана аммоний нитраты |
| **3102 30 100 0** | Аммоний нитраты, анын ичинде суу эритмесинде |
| **3102 30 900 0** | Башка аммоний нитраты |
| **3102 40 100 0** | 28 % сал. кеп эмес азоттун камтылышы менен жер семирткич болуп эсептелинбеген аммоний нитратынын кальций карбонаты же кээ бир органикалык эмес заттар менен аралашмасы |
| **3102 40 900 0** | 28% сал. көп азоттун камтылышы менен жер семирткич болуп эсептелинбеген аммоний нитратынын кальций карбонаты же кээ бир органикалык эмес заттар менен аралашмасы |
| **3102 50 000 0** | Табигый натрий нитраты |
| **3102 50 900 0** | Башка натрий ни траты |
| **3102 60 000 0** | Кальций нитраты жана аммоний нитратынын кош туздары жана аралашмалары |
| **3102 80 000 0** | Мочевина жана аммоний нитратынын суу же аммиак эритмесиндеги аралашмалары |
| **3102 90 000 0** | Башкалары аралашмаларды кошкондо |
| **3103 11 000 0** | 35% сал. көбүрөөк пентаоксидадифосфорду камтыган суперфосфаттар |
| **3103 19 000 0** | Башка суперфосфаттар |
| **3103 90 000 0** | Минералдык же химиялык, фосфор жер семирткичтери |

Жергиликтүү кунсуз топурактарга минералдык жер семирткичтерди колдонуу.

Минералдык жер семирткичтердин колдонуунун жалпы эрежелери:

1. Минералдык жер семирткичтерди тамак- аш үчүн колдонулган идиште даярдабоо;

2. Вакуум капчыктарында сактоо;
3. Эгерде минералдык жер семирткичтер көпкө колдонулбаган болсо, анда 3-5 мм электен өткөрүп майдалоо керек;
4. Азот минералдык жер семирткичтеринин колдонуу өлчөмдөрү: аммиак селитрасы 10-25 г 1 кв. м., мочевина менен чачуу 5 г 10 л сууга;
5. Сунушталган өлчөмдөн ашык колдонбоо;
6. Жерге берүүдө санитардык- гигиеналык эрежелерди сактоо [22, 58];

Азот кармаган минералдык жер семирткичтер. Көпчүлүк учурда өсүмдүктөрдө азот кармаган жер семирткичтердин аздыгы жазгы мезгилде байкалат. Алардын өсүү темпи жай жүрүп, жалбырактардын көлөмү кичирейип, гүлдөө аз көлөмдө болот. Бул процесс өсүмдүктүн асты жагынан башталып өйдө карай жогорулайт натыйжа саргайган жалбырактар түшө берет. Эң көп азот кармаган минералдык жер семирткичтердин жоктугуна томат, картошка, алма, бакча бүлдүркөнү реакция көрсөтөт. Топурактын түрүнөн көз каранды эмес баардык топурактарда азот жер семирткичтердин жоктугу байкалышы мүмкүн.

Азот жер семирткичтердин түрлөрү: аммиак селитрасы, мочевина, натрий селитрасы, калий селитрасы, нитроаммофоска, аммофос жана диаммонийфосфат.
Жер семирткичти колдонуу жолдору: азот жер семирткичтери жалпы жер семирткичтердин ичинен эң зыяндуусу. Аны ашыкча колдонууда өсүмдүктө да көптөгөн сандагы нитрат топтолушу мүмкүн. Ошондуктан азот кармаган жер семирткичтерди колдонууда абдан этият болуу зарыл. Азот кармаган жер семирткичтери даярдоодон кийин дароо колодонуу керек, себеби азот учуу касиетине ээ жана тез арада эле аба менен аралышып кетиши толук ыктымал. Күзгү мезгилде топуракты азот жер семирткичтери менен байытуу сарамжалдуу эмес, себеби көпчүлүк жер семирткичтин үлүшү жаан- чачындар менен жуулуп кетет [25,35, 50, 66].

Жер семирткичтерди колдонуу мөөнөттөрү: колдонуу мөөнөтү өтө маанилүү факторлордун бири болуп эсептелинет. Туура эсептелген дозаны берип бирок туура эмес мөөнөттө киргизүү күтүлгөн натыйжаларды бербеши толук ыктымал. Жер семирткичтерди колдонуу мөөнөтү көптөгөн факторлор менен негизделген. Алардын ичинен эң негизгилеринен бири болуп өсүмдүктөрдүн азык

заттарды колдонуу кыймылы, жер семирткичтердин топурактагы айлануу мүнөздөмөсү жана айыл- чарбанын агротехникалык мүмкүнчүлүктөрү. Жер семиткичтерди колдонуу мөөнөтү мезгилдер боюнча ориентация болушу мүмкүн: жазгы, жайкы, күзгү жана кышкы. Жер семирткичтерди жайгаштыру тереңдиги: жайгаштыруу тереңдиги айыл- чарба өсүмдөктөрүнүн түшүмдүүлүгүнө өтө чоң таасир тийгизет. Оптималдуу тереңдик өсүмдүктүн тамыр системасынан, ж.с. топурак ичиндеги ташуу жөндөмдүлүгүнөн, топурактын гранулдук курамынан жана гүлдөө мөөнөтүнүн узактыгынан көз каранды болот. Мисалы: жашылча өстүүрүдө оптималдуу тереңдик 25-28см, капуста, бадыраң, томат өстүүрүдө 18-20см болот [26, 29, 30,36, 51, 67, 60, 61, 62, 63].

*Жадыбал 1.1.6.*

Минералдык жер семирткичтердин ассортименти жана алардын түрлөрүнүн колдонуудагы оптималдуу варианттар [32]

| Жер семирткичтердин түрлөрү жана формалары | Колдонулушу, % |
|---|---|
| Азот жер семирткичтери 100% | |
| Аммиак селитрасы | 17,6 |
| Карбамид | 25,5 |
| Суусуз аммиак | 9,8 |
| Карбамид аммиак кошулмасы | 20,6 |
| Аммоний сульфаты | 2,0 |
| Татаал катуу түрлөрү | 19,6 |
| татаал суюк түрлөрү | 3,9 |
| Башкалар | 1,0 |
| Фосфор жер семирткичтери 100 % | |
| Суперфосфат | 9,9 |
| кош суперфосфат | 15,4 |
| Фосфат уну | 23,1 |
| Татаал катуу түрлөрү | 39,5 |
| татаал суюк түрлөрү | 12,1 |
| Калий жер семирткичтери 100 % | |
| Калий хлориди | 65,7 |
| 40 % калий тузу | 4,5 |
| Калиймагнезиясы | 3,0 |
| Калий сульфаты | 3,0 |
| Татаал түрлөрү | 23,8 |
| Магний жер семирткичтери | |
| Доломит уну формасында | 50 |
| Минералдык жер семирткичтер | 50 |

## 1.2. Нитрат натрий тузунун суу- топурак системасындагы экологиялык көйгөйлөрү

**Нитрат натрий**, натрий селитрасы, NaNO3 – азот кислотасынын натрий тузу; түссүз кристалл, тыгыздыгы 2,25 *г/см3*, балкып эрүү температурасы 308°C, пайда болуу жылуулугу Q= -111,54 *ккал/моль*. Жогорку температурада натрий нитритине, кычкылтекке, натрий кычкылына жана өтө кычкылына ажырайт. Суудагы эригичтиги алда канча жогору, аммиакта эрийт. Күчтүү кычкылдандыргычтардын бири. Нитрат натрий жаратылышта минерал түрүндө кездешет. Чили мамлекетинде көп запастары табылып, алгач ачылышында чили селитрасы деп аталган. Өнөр жайда щелочтун эритмелерине абсорбцияланган азот кычкылынан алынган аралашманы азот кислотасы менен кычкылдандыруудан алынат. Ошондой эле *кальций нитраты* менен натрий туздарынын (NaCl, $Na_2SO_4$) орун алмашуу реакциясы аркылуу да алууга болот. Нитрат натрий негизинен минералдык жер семирткич катары, тамак аш өнөр жайында консервант, айнек өндүрүүдө жана кычкылдандыргыч катары колдонулат [32].

Айыл- чарба жумуштарында нитрат натрийдин колдонулуштары. Натрий селитрасынын колдонулушу (натрий азот кычкылы, натрий нитраты). 16% нитрат формасындагы азот кармаган жер семирткич. Топурактын бардык түрлөрүндө картошка,тамак-аш жана кант кызылчасын,жашылча культураларын,мөмө-жемиш жана өсүмдүктөрдү өстүүрүдө колдонулат.

Натрий селитрасын эрте жазда кант жана тамак-аш кызылчасын эгүүдө колдонулат. Сууда эриген калий жана фосфор семирткичтерине кошуп колдонууда эффективдүүлүгү жогорулайт[37, 53, 68].

Азот жер семирткичтери – өсүмдүктөрдү азот менен камсыз кылуу максатында топуракка себилүүчү, курамында азот болгон органикалык эмес заттар. Азот жер семирткичтери органикалык, минералдык жер семирткичтери болуп бөлүнөт. Илгертен бери азот жер семирткичи болуп кык пайдаланылып келет. Кык жер семирткичи сугат дыйканчылыгында мурдатан бери белгилүү. Минералдык жер семирткичтер кийинчирээк колдонула баштаган. 19-к. орто ченинде Чилиде өндүрүлүүчү табигый натрий селитрасы пайдаланыла баштаган.

Аммиак жер семирткичине аммиак селитрасы, хлордуу аммоний, аммоний бикарбонаты жана суюк аммиак кирет. Аммоний сульфаты менен аммоний хлорди дайыма колдонулса, топурактын кычкылдуулугу көбөйүп кетет. Аны топуракты акиташтоо менен жоюуга болот. Аммиак жер семирткичинин ичинен суюк азот жер семирткичтеринин мааниси чоң. Аммиактуу нитрат жер семирткичине аммиак селитрасы, аммоний сульфонитраттары кирет. Нитраттуу жер семирткич – натрий, кальций, калий селитралары. Натрий селитрасы щелочтуу болгондуктан, кычкыл топурактуу жерлерге – кант кызылчасына, буудайга, арпага жана башка өсүмдүктөргө чачылат. Кальций селитрасы аммиак селитрасы менен аралаштырылып, умачталган түрдө чыгарылат. Калий селитрасы өсүмдүктү азот, калий менен камсыз кылат. Амид жана азот жер семирткичтери – мочевина, кальций-цианамиди, мочевиналуу (формальдегиддүү) жер семирткичтер. Азот жер семирткичтерин чачуу өлчөмү топурак курамына, өсүмдүк биологиялык өзгөчөлүктөрүнө, кык же орг. жер семирткичтер менен камсыз болушуна жараша аныкталат. Азот жер семирткичтери негизги жер семирткичтер менен өсүмдүктөрдү кошума азыктандыргыч катарында да колдонулат [38, 52].

Топурактын бузулушунун негизги себептери :

1. Уу химикаттар - пестициддер (гербициддер – өсүмдүтөрдү жоготуу үчүн колдонулуучу химиялык заттар; инсектициддер - зыянкеч курт-кумурскаларды жок кылуучу химиялык каражаттар; фунгициддер – өсүмдүктөрдүн ооруларына каршы жана уруктарды мите козу карындардан коргоочу химиялык заттар). Кыргызстанда пестициддер өндүрүлбөйт, негизинен Орусия, Кытай, Өзбекистан, Франция, Германия, Индия жана башка өлкөлөрдөн алынып келинет. Биздин өлкөдө «Кыргызагробиоцентр» эксперименталдык биофабрикасында биологиялык пестициддер гана өндүрүлөт.
2. Агрохимикаттар - минералдык жер семирткичтер (айыл чарбасын интенсивдүү пайдаланууда жана топурактын асылдуулугун жогорулатууда минералдык жер семирткичтерсиз элестетүү мүмкүн эмес. Бирок, көбүнчө минералдык жер семиркичтерди өлчөмүн так аныктабай, топурактын өзгөчөлүгүн эске албай берилүүчү өлчөмүнөн ашыкча берилиши топурактын булганышына алып келет).

3. Булгануучу уу заттарды камтыган атмосфералык жаан-чачын жана газ-түтүндүү кошулмалар (топурактын нормалдуу иштешине өндүрүш ишканаларынан чыккан газ- түтүндүү кошулмалар чоң зыян келтиришет. Топурак адам баласынын ден-соолугу үчүн коркунучтуу оор металлдар сыяктуу заттарды чогултууга жөндөмдүү. Кыргызстандын аймагындагы тоо-кен өнөр жайларынын иш-каналарына жакын жайгашкан аймактардагы топурактардагы зыяндуу заттардын концентрациясын аныктоо жокко эсе.
4. Өндүрүш таштандылары жана башкалар. Топурактын интенсивдүү булганышына өндүрүштөрдөн чыккан таштандылар да таасирин тийгизет. Шаар жана калктуу конуштарга жакын жайгашкан аймактарды тиричилик жана күл таштандылары топуракты булганууга алып келүүдө.

Жогоруда белгиленген факторлор топуракты гана булганууга алып келбестен, топурактын деградацияга дуушар болушуна да шарт түзөт.

Топурактын деградациясы - топурактын сандык жана сапаттык касиеттеринин жана функцияларын өзгөртүп, төмөндөтүүчү, топу- рактын асылдуулугунун жоголушуна алып келүүчү процесстердин жыйындысы [3, 5, 9, 10, 12].

Минералдык жер семирткичтердин сууга тийгизген таасири: Жер астындагы суулардын составында нитраттын көп болуусу ичме суунун булагын булгап,көлмөлөрдун эвтрофикациясын пайда кылат.(эвтрофикация-нитраттардын концентрациясынын көп болушунан көлмөлөрдө балырлардын санынын көбөйүшү). Адам баласы үчүн нитраттардын көп санда болушу эки негизги коркунучтун булагы болот:

1. Нитраттуу метгемоглобинемия

2. Суудагы концерогендик нитрозаминдердин пайда болушу [39, 54, 55, 56].

Минералдык жер семирткичтердин (нитрат натрий) топуракка тийгизген таасири :

- Топурак асылдуулугун жоготот;
- Кычкылдуулук жогорулайт;
- Топурактын негизги компоненттери өзгөрүүгө учурайт;
- Топурактын курамы бузулат;
- Радиоактивдүүлүк фондун жогорулашы[24, 28].
-

# 2. Эксперименталдык бөлүк

## 2.1. Моделдик суу- топурак системасындагы натрий нитратынын өлчөмүн химиялык жол менен аныктоо.

1. Салицил кислотасын колдонуу менен калориметрдик ыкма.

Аныктоо төмөнкүдөй жүрөт. Атайын пипетка менен изилденип жаткан үлгүдөн 1 мл алып, фарфор идишине жайгаштырып, кургак абалга чейин буулантабыз (фарфор идишинин кызып кетпөөсүн көзөмөлдөйбүз, pH- көрсөткүч 7,0дон төмөн болбошу керек, төмөн болгон учурда pH=7,5-8,4кө чейин щелочтойбуз. Кургак калдык суугандан кийин ага 3 тамчы 10 % салицил кислотасынын спирттеги эритмесин кошобуз жана 0,5 мл концентирленген күкүрт кислотасын кошобуз. Айнек таякчанын жардамы менен идиштин четтериндеги, түбүндөгү кургак калдыкты толугу менен эритебиз. 5 мүнөт өткөрүп 5 мл дистирленген суу кошуп 10 мл 30 % жегич натрий менен аралаштырабыз. Идиштин ичиндеги эритмени жакшы аралаштырып, 10мл белгиси бар пробиркага куюп, дистирленген суу менен белгиле чейин жеткирип дагы бир ирээт жакшы чайкайбыз. Боелгон эритмени эталон менен салыштырабыз.

Топурактан суу чыпкасын даярдоо. 1мм ге чейин майдаланган жана эленген топурак үлгүсүнөн 50 г (химикалык тараза менен) тартып алабыз. 750 мл конус түрүндөгү колбага жайгаштырып, 500 мл кайнатылган ($CO_2$ жоготуу үчүн) дистирленген суу менен болжол менен 3 мүнөт тынбай аралаштырабыз [6, 14].

2. Топурактагы нитраттарды ионометрикалык метод менен аныктоо ГОСТ 26951-86.

Үлгүнү алуу методу. Алынган топурактын үлгүлөрү табигый нымдуулук шартында анализденет, анализ үлгү алынгандан кийин 5 саат ичинде жасалышы шарт же болбосо 40˚С температура астында кургак-аба абалына чейин кургатышат.

Кургак- аба абалындагы топурак үлгүсүн майдалап, көзөнөкчөлөрү 1-2 мм болгон электен өткөрөт. Майдаланган үлгү баштыкчага жайгаштырылат. Алдын

ала баштыкчадагы топурак үлгүсү аралаштырылып кашыктын жардамы менен алынат. Алынган үлгүнү түз тегиздиктин үстүнө жайнаштырып калыңдыгы 1 см ден чоң эмес кылып жаят. Жайылган топурактын үлгүсүнөн бүткүл периметр боюнча 5 чекиттен 20,0 г үлгү тандалып алынат.

Табигый нымдуулуктагы топурак үлгүсүн тегиз аралаштырып түз тегиздикке калыңдыгы 1 см ден чоң эмес кылып жайып, эң аз 10 чекиттен массасы 20,0 г болгон үлгүнү тандалып алынат. Топурактын нымдуулугун аныкташ үчүн жогорудагы ыкма менен массасы 5-10 г болгон үлгү тандалып алынат.

Жабдыктар, материалдар жана реактивдер:

- Иономер же pH-метр милливольтметр 5мВ ден көп эмес өлчөө катасы менен;
- ЭИМ-1, ЭИМ-П, ЭМ-$NO_3$-01түрүндөгү нитрат ион селективдүү электрод же жогорудагыдай техникалык жана метрологиялык касиетке ээ башка электрод;
- ГОСТ 17792-72 боюнча үлгүлүү 2- разряддагы хлор -күмүш каныккан салыштыруучу электрод же жогорудагыдай техникалык жана метрологиялык касиетке ээ башка электрод;
- Электромехикалык лабораториялык аралаштыргыч же 75/1 мүнөт жый аралаштыра турган кайталанып аралаштыруучу кыймылга ээ аралаштыргыч;
- 105±5˚С температура тегерегинде ысытууга жөндөмдүү автоматтык башкаруу системасы бар термостат;
